**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. УКУК**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПРАВО

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. LAW

**e-ISSN: 1694-8661**
№1(6)2025, 152-161

**УДК:** 347.122/97
**DOI:** 10.52754/16948661_2025_1(6)_24

# СОТ ПРОЦЕССИНДЕ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТИ КОЛДОНУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ: ТЕОРИЯ ЖАНА ПРАКТИКА

АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ПРИМЕНЕНИЯ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В СУДЕБНОМ ПРОЦЕССЕ: ТЕОРИЯ И ПРАКТИКА

CURRENT ISSUES OF THE USE OF ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN THE JUDICIAL PROCESS: THEORY AND PRACTICE

**Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна**
Оморова Гулзат Сатыбалдыевна
Omorova Gulzat Satybaldievna

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*
gomorova@oshsu.kg

---

**Пазылов Ниязбек Адылжанович**
Пазылов Ниязбек Адылжанович
Pazylov Niiazbek Adylzhanovich

**ю.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ю.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Law Science.Associate  Professor, Osh State University*

# СОТ ПРОЦЕССИНДЕ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТИ КОЛДОНУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ: ТЕОРИЯ ЖАНА ПРАКТИКА

**Аннотация**

Маанилүүлүк. Бул макалада жасалма интеллектти, сот өндүрүшүндө колдонуу боюнча мүмкүн болгон багыттар, негизги артыкчылыктар жана кемчиликтер, ошондой эле мындай технологияларды талаш-тартыштарды чечүү системаларына кеңири киргизүүнүн тобокелдиктери каралат. Жасалма интеллект технологиялары азыркы учурда заманбап адамзаттын жашоосуна терең кирип жатаканы кеңири баяндалат. Бул макалада сот өндүрүшүнүн системасы каралган, айрыкча жарандык сотту модернизациялоого жана оптималдаштырыуунуга багытталат.

**Ачкыч сөздөр:** жасалма интеллект, элетрондук сот санарип сот, сот процессин автоматташтыруу машиналык интеллект, информатизациялоо

## Актуальные вопросы применения искусственного интеллекта в судебном процессе: теория и практика

**Аннотация**
Актуальность. В этой статье рассматриваются возможные направления, основные преимущества и недостатки использования искусственного интеллекта в судебном процессе, а также риски широкого внедрения таких технологий в системы разрешения споров. В нем подробно описывается, как технологии искусственного интеллекта в настоящее время глубоко проникают в жизнь современного человечества. В этой статье рассматривается система судебного разбирательства, которая, в частности, будет сосредоточена на модернизации и оптимизации гражданского судопроизводства.

**Ключевые слова:** искусственный интеллект, электронный суд цифровой суд, автоматизация судебных процессов машинный интеллект, информатизация

## Current issues of the use of artificial intelligence in the judicial process: theory and practice

**Abstract**
Relevance. This article discusses possible directions, the main advantages and disadvantages of using artificial intelligence in the judicial process, as well as the risks of widespread adoption of such technologies in dispute resolution systems. It describes in detail how artificial intelligence technologies are currently deeply penetrating the life of modern humanity. This article examines the judicial system, which, in particular, will focus on the modernization and optimization of civil proceedings.

***Keywords:*** artificial intelligence, Electronic court, digital court, automation of judicial processes, machine intelligence, informatization

**Киришүү**

Актуалдуулугу. Жасалма интеллект системалары, чечим кабыл алуусун колдоо максатында багытталган, адамдын билимин башкаруу көндүмдөрүн компьютердик билим башкаруу каражаттары аркылуу толуктайт. Чечим кабыл алуусун колдогон системалар чечим кабыл алуучуларга өздөрүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет, ал эми чечим кабыл алуу инструменттери бул процесстерди автоматташтырат [1.,23]

Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү максатында КР Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги ПЖ № 90 Жарлыгы менен 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясы бекитилди. Бүгүнкү күндө өлкөдө санариптик багытта олуттук иштер жүргүзүлүп ишенимдүү алга жылып жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга олуттуу салым кошуп жатат.[2]

Концепциянын негизги стратегиялык максаттарынын бири мамлекеттик башкарууну толук санариптик реформалоо, мамлекеттик жана жеке түзүмдөр үчүн санариптик маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо болуп саналат. Натыйжада жарандардын мамлекеттик, финансылык жана башка кызматтарды жана сервистерди алуу жолдору, анын ичинде акыркы колдонуучулар үчүн тааныш платформаларды колдонуу кыйла кеңеет. Мамлекеттик жана жеке секторлорго комплекстүү кызматтарды көрсөтүүгө мүмкүндүк берген ыкчам айкалышкан сервистер пайда болот.

Кыргыз Республикасын санариптик трансформациялоо – 2028-жылга карата негизги максаттар жана жыйынтыктар. Мамлекеттик башкаруу системасын оптималдаштыруу Санариптик платформалар жана өтмө системаларды колдонуу менен мамлекеттик органдардын иши натыйжалуу болот. Мамлекеттик процесстердин саны кыскарат, кайталанма функциялар жоюлат. Маалыматтык системалардын интеграциясы. Мамлекеттик маалыматтык базалар жана системалар өз ара максималдуу интеграцияланат. Маалыматтардын кайталанышы жокко чыгарылат, ресурстар үнөмдөлөт. Чечим кабыл алуу ылдамдайт жана бизнеске сервистерди ишке киргизүү жеңилдейт. Санариптик экономиканын өнүгүшү Бардык процесстерди санариптештирүү жана автоматташтыруу аркылуу күчтүү IT-компаниялар калыптанат. Аталган компаниялар дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү продуктыларды жана кызматтарды сунуштай алат. Ушул концепциянын 5-параграфында жасалма интеллект (мында ары - ЖИ) санариптик трансформациялоонун негизги технологияларынын бири катары көрсөтүлгөн. ЖИ технологияларынын потенциалы: Экономиканын салттуу тармактарын кайра түзүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу; Социалдык чөйрөнүн (саламаттыкты сактоо, билим берүү ж.б.) сапатын жакшыртуу; Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу кылуу; Калктын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатуу. Бул технологиялар стратегиялык деңгээлде жашоо сапатын жакшыртуунун жана мамлекеттик башкарууну реформалоонун негизги куралы катары колдонулат. Концепциянын 10-параграфында сот системасын санариптештирүү — бул сот иштерин автоматташтырылган, натыйжалуу жана ачык-айкын формада жүргүзүү. Негизги максаттар: Ар бир жарандын сот адилеттүүлүгүнө тез жана калыс жетүүсүн камсыз кылуу; Сот иштерин иштеп чыгуунун ылдамдыгын жана сапатын жогорулатуу; Сот актыларынын жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылуу. Бул системанын жыйынтыгында жарандын укуктары жана кызыкчылыктары заманбап, ачык жана коопсуз санарип чөйрөдө корголот.

Бул системалардын кайсыларын жарандык процессинде колдонуу эң ылайыктуу экендиги жана алардын кайсысын колдонуу эң натыйжалуу экендиги тууралуу суроо азыркы убакта талкууланып жатат. Жасалма интеллектти колдонуу технологияларынын жалпы кабыл алынган стандартка айлануу процессинин азырынча башталбагандыгын эске алып, бул изилдөөгө биз жасалма интеллектти жарандык процессте колдонуу боюнча теоретикалык аспекттерди да карап чыгабыз.

Жасалма интеллектти жарандык сот өндүрүшүндө колдонуу боюнча негизги тенденциялар төмөнкүлөр: Документтерди автоматтык түрдө талдоо жана иштетүү: Жасалма интеллект соттук иштерде колдонулуучу документтерди (иш материалдары, көрсөтмөлөр, эскертмелер жана башка) автоматтык түрдө талдап, түзөтүүлөрдү жана өзгөртүүлөрдү жогорулатууга жардам берет. Бул процесстин ылдамдыгын жана тактыгын жакшыртат. Сот чечимдерин жана прецеденттерди талдоо: Жасалма интеллект соттук прецеденттерди жана мурунку чечимдерди анализдеп, азыркы иштин негизинде жыйынтыктарды алдын ала сунуштай алат. Мындай система соттун иштешин оптималдаштырып, судьялардын чечим кабыл алуусун жеңилдетет. Жасалма интеллектти юридикалык практикаларда колдонуу багыттарынын бири сот системасынын иштешин камсыздоо болуп саналат.

В. Волковдун алдын ала болжолдуу пикири боюнча, «өтө компетенттүү сот, жасалма интеллекттин формасында, адилеттүү жана паракорлуксуз» 2020–2025-жылдарга чейин пайда болот [3.,331].

Ларри Каменер белгилеп кеткендей, көптөгөн башка мамлекеттик органдар сыяктуу эле, соттордун иши бүгүнкү күндө санариптик технологиялардын кеңири колдонулушу менен маанилүү түрдө өзгөрүп жатат. Бүткүл дүйнө боюнча сот органдары кагаз түрүндөгү системалардан электрондук (анын ичинде онлайн) системаларга өтүүдө, документтерди берүү жана аларга электрондук түрдө кирүү мүмкүнчүлүктөрү бар; арыздарды да онлайн режиминде берүү жана башкаруу мүмкүн. Видеоконференция технологиялары судьяларга, тараптарга жана күбөлөргө соттук жараяндарга виртуалдык түрдө катышууга шарт түзөт. Мындай инициативалар пайдалануучуларга сот органдары менен өз ара аракеттенип, сот кызматкерлеринин жүгүн азайтууга жана ар кандай ресурстарды үнөмдөөгө жардам берет [4.с 68].

Кытайдын улуу окумуштуусу ю.и.д профессор экс судья «Китайское правосудие в облаке: вызов будущего или ящик Пандоры» деген китебинде Кытайда учурда сот реформасынын процесси сот системасын информатизациялоого багытталган, бул өз кезегинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды тиешелүү органдардын күнүмдүк иш-аракеттерине интеграциялоону билдирет. Айрыкча, талаш-тартыштарды чечүүгө динамикалык колдонмолор жана интерактивдүү кызматтар жардам берүү керек деген сөз болуп жатат [5.,с -59,71, 62].

Жасалма интеллектти жарандык сот өндүрүшүндө колдонууга муктаждыкты жаратуучу дагы башка факторлор да бар, алар жалпы информатизация менен гана чектелбейт. Айрыкча, бул адилеттүүлүккө жетүү укугун камсыз кылуу проблемалары менен байланыштуу. Көптөгөн өлкөлөрдө адилеттүүлүкке жетүү боюнча маселелер өзөктүү кризистик деңгээлге жеткендиктен, технологиялар да өнүгүүнү улантууда. Муну менен бирге, Дэрин Томпсон жасалма интеллект технологияларынын жалпы өнүгүшү менен бир убакта юриспруденция тармагында иштөө үчүн татаал жана комплекстүү функцияларды аткара ала турган жогорку уюштурулган системаларды колдонууга өтүүнүн ордуна,

жөнөкөй, практикалык жана конкреттүү тапшырмаларды чечүүгө багытталган системаларга өтүүнү болжолдойт [6.,с13].

Фред Галвс дагы 18 жыл мурун белгилеп өткөндөй, жасалма интеллект технологияларын сот өндүрүшүнө киргизүү процесси жай, бирок туруктуу түрдө жүрүп жатат. Жаңы компьютердик технологияларга жана жасалма интеллектке негизделген технологияларга укук тармагында, жана өзгөчө сот өндүрүшүндө, өз ордун табуу үчүн бир аз убакыт керек болгондугуна карабастан, кээ бир технологиялар азырынча адвокаттык практикада жана соттук процесстерде табигый элементке айланган. Иштерди башкаруу жана укук колдонуу практикасын изилдөө үчүн программалык камсыздоолор кеңири колдонулуп жатат [7.,С-169,173,193,194].

Жасалма интеллекттин жарандык процессте колдонулушунун мүмкүнчүлүгүн тереңирээк изилдөөгө киришпестен мурун, алды менен мындай технологияларды колдонууга болгон принципиалдуу мүмкүнчүлүктү карап чыгуу керек. Мария Симажкевич белгилегендей, жасалма интеллекттин куралдарын жарандык процессте колдонуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле анын колдонулушунун өзгөчөлүктөрү жана пайдаланылуучу интеллект системалары, көп жагынан конкреттүү өлкөнүн укук системасынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Маселен, континенттик укук системасы бар өлкөлөрдө, анда соттук прецеденттер иштин чечилишинде маанилүү роль ойнобогон учурда, соттук актыларды талдоого багытталган жасалма интеллект системаларын колдонуу биринчи кезектеги мааниге ээ эмес [8.,с 6].

Хенриет Накад-Вестстрат, Энтони Джонглоуд, Хаап ванн ден Херик и Абдель-Бадех Салем белгилешет, что ийгиликтүү жасалма интеллектти колдонуу көпчүлүк жагынан келечектеги тобокелдиктер жана өзгөчөлүктөр туура эсептелгенине көз каранды болот. Мындай технологиялардын кеңири техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар болсо да, аларды колдонуу чектелген каржылык ресурстарга, аша чапкан мыйзамдык татаалдыктарга жана консервативдүү укуктук маданиятка байланыштуу бир катар кыйынчылыктарды түзөт. Бул, өз кезегинде, жаңы технологияларды практикада колдонууга профессионалдык коркуу жана ишенимсиздикти жаратат [9., с-57,59,64].

Жасалма интеллект менен жабдылган, судьянын айрым функцияларына ээ болгон (көп учурда судьянын жардамчысы катары) бирдик (юнит) соттордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана татаал юридикалык маселелерди чечүүгө колдонулушу мүмкүн. Келечекте мындай бирдик соттук актыларды түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Мындай программалар, жасалма интеллект менен жабдылган, төмөнкү иштерди аткара алат:

Тараптардын талаптарын туура жана толук түрдө камсыз кылуу: Иштин жүрүшүн баалоо: Далилдерди жана өтүнүчтөрдү автоматтык текшерүү/

Бул интеллектуалдык системалар соттук процесстердин натыйжалуулугун жана тактыгын жогорулатып, адамдык катачылыктарды азайтып, укуктук адилеттүүлүктү жакшыртууга жардам берет [10,с-67,84,91].

Энтони Д'Амато белгилейт, жасалма интеллект технологияларын жарандык процесске киргизүү башталуусу керек болгон тармактар, ал жакта адилеттүүлүктү ишке ашыруу жогорку чыгымдардан кыйынчылык туудурат жана ошол эле учурда адамдын чечим кабыл алуу процессин компьютердик технологиялык комплекстери менен алмаштырууга байланыштуу тобокелдиктер төмөн. Изилдөөчү белгилегендей, эң ылайыктуу тармактар — бул процедуралык аспекттер, юрисдикцияны аныктоо жана колдонулуучу мыйзамды тандоо

сыяктуу маселелер. Мындай тармактарда жасалма интеллект системалары натыйжалуу колдонулушу мүмкүн, анткени бул жерде адамдык факторлордун ордун толтуруу оңой жана катачылыктардын тобокелдиги аз [11., с-8,19].

Филипп Лейт белгилейт, что компьютерленген болушу мүмкүн эң формалдуу, формализденген процедуралар. Мындай процесстерде белгилүү бир эрежелер жана талаптарга ылайык жүргүзүлгөн иш-аракеттер автоматташтырылып, жасалма интеллект тарабынан башкарылышы мүмкүн, бул процессин натыйжалуу жана ылдам иштешине өбөлгө түзөт [12.,с-289,298,309].

Соттук укук колдонуу борбордук түшүнүктөрүнүн көпчүлүгү (особо, эгерде жалпы укук системасы бар өлкөлөр жөнүндө сөз кылсак), мисалы, "адилеттүүлүк", "акылдуу сактык" сыяктуу түшүнүктөр терең эле адамдын жашоосунун бөлүгү болуп калган. Мындан тышкары, соттук аргументация ар кандай когнитивдик көндүмдөрдү талап кылат, мисалы фактыларды баалоо, тексттерди түшүндүрүү жана аналогияларды жүргүзүү көндүмдөрү.

Сот органдарынын чечим кабыл алуу процессинин татаалдыгы менен кошо, анын социалдык мааниси да чоң. Бардык ушул аспектилерди эске алып, судьянын ийкемдүү чечим кабыл алуусун катуу компьютердик моделдер менен алмаштыруу коркунучтуу болушу мүмкүн [13.,с-105,110].

Найджел Стоббс, Дэн Хантер и Мирко Багарик белгилешет, что юридикалык кийлигишүү адамдардын жашоосуна өзгөчө негиздемени талап кылат жана татаал ой жүгүртүүлөрдү жүргүзүүнү камтыйт, алар ачык-айкын түрдө автоматташтырууга же негуманоиддик агенттерге теңелүүгө болбойт. Мындан тышкары, мыйзам коомдун үстөмдүк кылуучу социалдык жана демократиялык баалуулуктарын жана максаттарын чагылдырат, ошондой эле кабыл алынган чечимдер ошол баалуулуктарды жана максаттарды так чагылдырууга умтулат. Демек, жасалма интеллект тарабынан туура программаланган чечимдер дагы адам агентинен көз каранды болуп калат, жөн гана алар бир аз жакшыртылат [14.,с-2-3].

Жасалма интеллекттин юниттери судьяны алмаштыра албайт, бирок анын жардамы менен зарыл болгон маалыматты автоматтык түрдө издөөгө, ошондой эле юристтин ишин текшерүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Жасалма интеллекттин колдоо технологияларын судьялар тарабынан колдонууга байланыштуу, судьялардын туура эмес чечимдерди чыгаруу мүмкүнчүлүгү дагы бир фактор катары аталат. Мисалы, судья-адам мыйзамды чечим кабыл алуу процессинде тактап, өркүндөтүүгө жөндөмдүү болгону менен, ал учурдагы мыйзамды туура эмес түшүндүрүп, аны татаалдаштырууга мүмкүн [15., с-12].

Жасалма интеллекттин юниттери, судьянын функцияларын жана ыйгарым укуктарын аткарып (мамлекеттик соттук бийликте), бир катар изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда, коррупцияга жана эмоцияларга берилбейт, мыйзамдык ченемдерге катуу шайкеш келүү менен чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү. Ал көптөгөн факторлорду, анын ичинде талаш-тартышка катышкан адамдарды мүнөздөгөн маалыматтарды эске алып чечим чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай система судья-адамга караганда бир топ чоңураак маалыматтардын массивдери менен иштешүүдө, негизинен мамлекеттик кызматтардын маалымат сактоочу жайларынан, биринчи кезекте — соттук иштердин архивдеринен жана укуктук жардам берүүчү справочник системаларынан алынган маалыматтар менен. Мындан тышкары, жасалма интеллекттин юниттери маалыматтарды адам судьясынан кыйла ылдам иштеп, көптөгөн факторлорду эске ала алат [16.,с-56].

Дэрин Томпсондун пикири боюнча, адилеттүүлүккө жетүү жасалма интеллект технологияларына негизделген жөнөкөй эксперттик системаларды колдонуу аркылуу жакшыртылышы мүмкүн. Бул системалар онлайн талаш-тартыштарды чечүү платформаларында колдонулуп, жарандардын адилеттүүлүккө жетүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Мындай системалар процессин жеңилдетип, ылдамдатууга жана мыйзамдык маселелерди жөнөкөйлөтүүгө жардам берет [17.,с-4].

Энтони Д'Амато төмөнкү терс жактарды белгилейт: Жалпы укук системасы бар өлкөлөрдө прецеденттик укуктун өнүгүшүнүн токтоп калышы: Жаңы иштер гана мурунку прецеденттерге негизделип чечилип калат. Юридикалык илимдин изилдөөлөрүнө болгон кызыгуунун азаюшу: Жасалма интеллект соттук талаш-тартыштарды чечүү процесстерин автоматташтырган сайын, укук изилдөөлөрүнүн жана талкууларынын деңгээли төмөндөшү мүмкүн. Адилеттүүлүктүн дегуманизацияланышынын сезилиши: ИИ колдонуу менен сот адилеттүүлүгүн адамсыз жүргүзүү мүмкүнчүлүгү дегуманизацияга алып келиши мүмкүн, бул коомчулукта сот системасына болгон ишенимди азайтышы мүмкүн [15.,с-15].

Бул кемчиликтер ИИ системаларын сот өндүрүшүндө колдонууда жигердүү каралышы жана туура чечимдер кабыл алынышы керек.

Жасалма интеллектти сот өндүрүшүндө колдонуу менен байланышкан негизги көйгөйлөрдүн бири — бул укукту туура түшүнүү жана түшүндүрүү маселеси. Кээ бир негизги проблемалар төмөнкүлөрдөн турат: Мыйзамдардын жана нормалардын көп кырдуу мааниси: Жасалма интеллект системасы мыйзамдардын жана укуктук нормалардын бардык жогорку контексттерин жана маанисин толук түшүнө албайт. Укук нормалары жана соттук прецеденттер адамдын көз карашына жана чечим кабыл алуу процесстерине таасир эткен көптөгөн социалдык жана этикалык аспекттерди камтыйт, аларды ИИ толук эске ала албайт.

Чечимдердин "человеческий фактор"ду эске албоосу: ИИ системалары көбүнчө айрым моралдык жана этикалык чечимдерди, анын ичинде адамдын баалуулуктарын жана адилеттүүлүк сезимин эске алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Адам судьясы контекстке таянып, эмоцияларды жана интуициясын колдонуп, мыйзамды түшүндүргөндө, ИИ мындай элементтерди эске ала албайт. Татаал укуктук маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелиши: Жасалма интеллект боюнча системалар көбүнчө бир нече алгоритмдерге негизделген жана белгилүү бир ченемдерди колдонууга гана ылайыктуу. Бирок, татаал жана көп кырдуу укуктук маселелерде, анда болгон мүчүлүштүктөр же кайчылаш келүүчү нормалар аны менен чечилбейт. Далилдердин жана маалыматтын тууралыгын баалоо: Жасалма интеллектке негизделген системалар көбүнчө конкреттүү маалыматтарга таянып иштейт. Эгерде маалыматтар же далилдер туура эмес болсо, система туура эмес чечим чыгарууга алып келиши мүмкүн.

Жалпы алганда, жасалма интеллекттин сот өндүрүшүнө интеграциялануусунан мурда, анын укук түшүнүгү жана түшүндүрмөсү боюнча потенциалдуу кемчиликтер жана тобокелдиктер толук каралышы керек.

Кытайда «интеллектуалдык сот» деген түшүнүк биринчи жолу 2015-жылы Кытайдын Жогорку Элдик Соту тарабынан жылдык иш отчетунда колдонулган.

Теоретикалык жактан караганда, мындай «интеллектуалдык соттук система» Интернет тармагын, булуттук эсептөөлөрдү, чоң маалыматтарды, жасалма интеллектти жана башка технологияларды толук кандуу колдонууга негизделет, бул сот өндүрүшүнүн системасын модернизациялоону жана анын мүмкүнчүлүктөрүн жандандырууну көздөйт. Бул контекстте «интеллектуалдык» деген сөз үч негизги чөйрөгө тиешелүү: Интеллектуалдык

иштерди чечүү: Соттук иштерди чечүүдө жасалма интеллекттин жана маалыматтык технологиялардын колдонулушу. Интеллектуалдык документооборот: Соттук процесс жана ишти башкарууда автоматташтырылган системаларды колдонуу. Интеллектуалдык субъективдүү баалоо: Судьялардын жана сот системасынын башка катышуучуларынын чечимдерин кабыл алуу процессинде объективдүү жана аналитикалык баалоону колдонуу. Бул системанын максаты — сот өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатып, анын ачык-айкындыгын жана өз убагында чечим кабыл алууну камсыз кылуу [5.,с-62].

Нидерландда 2010-жылы биринчи биринчи «санариптик судья» (адам эмес судья) киргизүү жеке онлайн сот ачылган., Нидерланддагы «электрондук сот» тармагында, өтө этияттык менен жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, бул электрондук сот ашыкча татаал, кылдат жана кымбат иштеп чыгуучу процессаларга түшүп кетүүдөн ийгиликтүү качып өттү, бул жүйөлүү милдеттерди аткарууга жөндөмдүү болчу системанын өтө чоң жана татаал болушуна алып келбейт. Бир нече жылдык тажрыйба бул ишти алдыга жылдырууга жана юридикалык мааниге ээ чечимдерди кабыл алуу үчүн жасалма интеллектти колдонууга кадам жасоого мүмкүндүк берет.

Бирок мындай санариптик судьянын укуктук статусу менен байланышкан көйгөй бар. Жасалма интеллекттин чечимдерди кабыл алуу процессинде колдонулуучу артыкчылыктарына карабастан, Нидерланддагы мыйзамдар санариптик судьянын бар болушуна мүмкүнчүлүк түзбөйт, жана бул тармакта негизги өзгөртүүлөр күтүлбөйт. Натыйжада, практикада санариптик судья адам судьясынын атынан өкүм чыгарат. Демек, адам судьясынын милдеттери гана чыгарылган чечимдерди текшерүүгө чектелет. Бул электрондук сот көп жылдар бою иштеп жатканда, санариптик судья тарабынан чыгарылган өкүмдөргө адам судьясы тарабынан эч кандай өзгөртүү киргизилген эмес.

Ошондой эле, айрым судьялар, австралиялык соттук юристтер, практикада иштеген юристтер, медиаторлор жана адвокаттар тарабынан сыналган гибриддик нейрондук тармак бар экенин белгилеш керек, ал үй-бүлөлүк талаштарда, анын ичинде мүлк бөлүштүрүү боюнча колдонулушу мүмкүн. Бул система соттук процессте кандайча мүлк бөлүштүрүлө турганы тууралуу кеңештерди берет, бул өз кезегинде тараптарга иштин кандайча жүрүшүн жана чечимди күтүүгө жардам берет.  Бул багыттар жана формалар судьянын ишин жеңилдетүүгө, тактыкты жана адилеттүүлүктү камсыздоого жардам берет, ошондой эле сот системасын ылдамдатат жана жеткиликтүүлүктү жакшыртат.

**Колдонулуучу адабияттар**


1. Lodder A., Zeleznikow J. Artificial Intelligence and Online Dispute Resolution [Искусственный интеллект и онлайн разрешение споров] // Online Dispute Resolution: Theory and Practice / Ed. by M.A. Wahab, E. Katsh, D. Rainey. – The Hague (Netherlands): Eleven International Publishing, 2012.p-23
2. КР Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги ПЖ № 90 Жарлыгы менен 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясы.
3. Волков В. Искусственный интеллект может стать неподкупным судьёй и убийцей человечества // . – 23.06.2017.с-331

4. Kamener L. Courting change: the verdict on AI and the courts [Изменение в системе судов: вердикт по искусственному интеллекту и судам] / The Centre for Public Impact // .p-68
5. Xu (Lu) A. Chinese judicial justice on the cloud: a future call or a Pandora’s box? An analysis of the «intelligent court system» of China [Китайское «облачное» судебное правосудие: будущий призыв или ящик Пандоры? Анализ «интеллектуальной судебной системы» Китая] // Information & Communications Technology Law. – 2017. – Vol. 26. – № 1. – P. 59–71. – P. 62.
6. Thompson D. Creating New Pathways to Justice Using Simple Artificial Intelligence and Online Dispute Resolution [Создание новых путей к правосудию с использованием ординарного искусственного интеллекта и разрешения онлайн-споров] // Osgoode Legal Studies Research Paper. – 2016. – Vol. 12. – Issue 6. – 53 p. – P. 13. .
7. Galves F. Where the Not-So-Wild Things Are: Computers in the Courtroom, the Federal Rules of Evidence, and the Need for Institutional Reform and More Judicial Acceptance [Где не такие дикие вещи: компьютеры в зале суда, федеральные правила доказывания, а также необходимость институциональной реформы и большего принятия судебных решений] // Harvard Journal of Law & Technology. – 2000, Winter. – Vol. 13. – № 2. – P. 169–173. – P. 169, 193–194.
8. Siemaszkiewicz M. The Application of Artificial Intelligence in Polish Civil Proceedings [Применение искусственного интеллекта в польском гражданском судопроизводстве] // . – P. 6.
9. Nakad-Weststrate H.W.R., Herik, van den H.J., Jongbloed A.W., Salem A.M. The Rise of the Robotic Judge in Modern Court Proceedings [Перспективное применение робота-судьи в современном судопроизводстве] // ICIT 2015: The 7th International Conference on Information Technology. – Amman (Jordan), 2015. – P. 59–67. – P. 64.
10. Won H. Measures to Realize Sustainable and Efficient Justice from the Perspective of Information and Communications Technology: Focusing on the Korean Court [Меры по реализации устойчивого и эффективного правосудия с точки зрения информационных и коммуникационных технологий: фокусирование на опыте корейского суда] // Journal of Korean Law. – 2016, December. – Vol. 16. – P. 67–91. – P. 84.
11. D'Amato A. Can/Should Computers Replace Judges? [Могут ли / должны ли компьютеры вытеснить судей?] // Northwestern University School of Law. Faculty Working Papers. – 1977. – Paper № 129. – 19 p. – P. 8. .p-12,p-15
12. Leith P. The Judge and the Computer: How Best «Decision Support»? [Судья и компьютер: как лучше обеспечить «поддержку принятия решений»?] // Artificial Intelligence and Law. – 1998, June. – Vol. 6. – № 2–4. – P. 289–309. – P. 298. .
13. Sartor G., Branting L. Introduction: Judicial Applications of Artificial Intelligence [Введение: судебные применения искусственного интеллекта] // Artificial Intelligence and – 1998. – Vol. 6. – P. 105–110. .
14. Stobbs N., Hunter D., Bagaric M. Can Sentencing Be Enhanced by the Use of Artificial Intelligence? [Может ли практика вынесения приговоров быть расширена за счёт использования искусственного интеллекта?] // . – 45 p. – P. 2–3.

15. D'Amato A. Can/Should Computers Replace Judges? [Могут ли / должны ли компьютеры вытеснить судей?] // Northwestern University School of Law. Faculty Working Papers. – 1977. – Paper № 129. – 19 p. – P. 12. .
16. Comment permettre à l'Homme de garder la main? Rapport sur les enjeux éthiques des algorithmes et de l'intelligence artificielle [Как позволить человеку держать всё под контролем? Отчет по этическим вопросам алгоритмов и искусственного интеллекта] / Rapport de synthèse du débat public / CNIL // . – 15.12.2017.c-56
17. Thompson D. Creating New Pathways to Justice Using Simple Artificial Intelligence and Online Dispute Resolution [Создание новых путей к правосудию с использованием ординарного искусственного интеллекта и разрешения онлайн-споров] // Osgoode Legal Studies Research Paper. – 2016. – Vol. 12. – Issue 6. – 53 p. – P. 4.